**Extended Abstract**

The spread of Islam in modern Kyrgyzstan and neighboring regions of Central Asia is associated with the era of the *Qarakhanid* state (from the middle of the 9th Century to the middle of the 12th Century), while a new ethnic community, a new socio-economic structure and a new type of spiritual culture were being formed there. Rather than the ineffective use of force applied by armies, missionaries played a greater role in converting the nomadic Turkic tribes to Islam.

The article examines the process of Islamization in the Fergana region in the 9th-12th centuries on the basis of comparative analysis of materials from epigraphic gravestones with data from written sources. A special attention is paid on the texts of newly discovered epitaphs in the Jalal-Abad Valley during archaeological and archaeographic expeditions of a group of researchers. It has been verified that the gravestones are mainly devoted to Sufi sheikhs, who were devotees of Islam in the Jalal-Abad region during the period of study. It should be noted that although some monuments were written in Arabic script, the content of the texts traces the cultural continuity between the ancient Turkic traditions and Islam.

This paper provides an interpretation of the written monument in "Ydyrys Paygambar", which is characterized by the *Qarakhanid* era. The monument in "Ydyrys Paygambar" provides a glimpse into the language, culture and politics of the people of this period. Through a close examination of the text and its context, this paper explores the political, linguistic and cultural characteristics of the *Qarakhanid* era, and provides insights into the nature of the written monument in "Ydyrys Paygambar". The paper concludes that the written monument in "Ydyrys Paygambar" serves as a testament to the cultural, cultural, political and linguistic diversity of the *Qarakhanid* era, and is an important resource for understanding the legacy of this period in Central Asia.

УДК 94

**Нурунбетов Балтагул Аттокурович**
тарых илимдеринин доктору, профессор,, Ош мамлекеттик педагогикалык университети

## БАБАЛАР БАСКАН ТАТААЛ ЖОЛ

**Нурунбетов Балтагул Аттокурович**
доктор исторических наук, профессор,
Ошский государственный педагогический
университет

## СЛОЖНЫЙ ПУТЬ, ПО КОТОРОМУ ШЛИ ПРЕДКИ

**Nurunbetov Baltagul Attokurovich**
Doctor of Historical Sciences, Professor

## THE DIFFICULT PATH THAT THE ANCESTORS FOLLOWED

**Аннотация.** Кыргыздар, анын чыгаан айдыңдары эчендеген кылымдар эркиндик, көз карансыздык үчүн күрөштө бир канча жолу өз мамлекетин түзгөндүгүн тарых далилдеп келет. Б.з.ч. гундардын курамында, биздин замандын башындагы Энесай кыргыз кагандыгы, Улуу Кыргыз Дөөлөтү, орто кылымдагы бабаларыбыздын көз карансыздык үчүн аракети, ошондой эле Совет мезгилиндеги мамлекеттүүлүктүн калыптанышы бабаларыбыздын мамлекет-

түүлүк үчүн ырааттуу, тынымсыз күрөшү жөнүндө маалымат берет. Көз карансыздык үчүн күрөшкөн чыгаандарыбыз Барсбек, Мухаммед Кыргыз, Эренек, Кубат жана Тагай бийлердин, Совет мезгилинде өз өмүрлөрүн кыргыз эли үчүн эркин мамлекет үчүн арнаган Ишеналы Арабаев, Иманалы Айдарбеков, Жусуп Абрахманов, Абдыкадыр Орозбеков, Баялы Исакеев жана башкалардын басып өткөн өмүрү жолу, ак кызматтары, кыргызды-кыргыз кылып сактап келген элибиздин мамлекетүүлүктү, көз карансыздыкты бийик туткан улуттук идеясы бар экенинин ачык айкын далили.

**Негизги сөздөр:** мамлекет, кыргыздар, көз карансыздык, автономия, эгемендүүлүк, бабалар.

**Аннотация.** История доказывает, что кыргызы не раз создавали своё государство в борьбе за свободу и независимость на протяжении многих веков. До н.э. в составе гуннов, в н.н.э. Энесайский Кыргызский каганат, Великая Кыргызская держава, усилия наших средневековых предков за независимость, а также формирование государственности в советское время дают информацию о последовательной, непрекращающейся борьбе наших предков за государственность. Такие борцы за независимость Кыргызстана, как Барсбек, Мухаммед Кыргыз, Эренек, Кубат и Тагай, в советское время - Иманалы Айдарбеков, Жусуп Абрахманов, Абдыкадыр Орозбеков, Баялы Исакеев и другие посвятившие свою жизнь борьбе за свободу кыргызского народа, за свободное государство являются наглядным доказательством.

**Ключевые слова:** государство, кыргызы, независимость, автономия, суверенитет, предки.

**Annotation.** History proves that the Kyrgyz have repeatedly created their own state in the struggle for freedom and independence for many centuries. As part of the Huns, in the present century, the Enesai Kyrgyz Khaganate, the Great Kyrgyz Power, the efforts of our medieval ancestors for independence, as well as the formation of statehood during the Soviet era, provide information about the consistent, unceasing struggle of our ancestors for statehood. Such fighters for the independence of Kyrgyzstan as Barsbek, Mohammed Kyrgyz, Erenek, Kubat and Tagai, in Soviet times - Imanaly Aidarbekov, Zhusup Abrakhmanov, Abdikadir Orozbekov, Bayaly Isakeev and others who devoted their lives to the struggle for freedom of the Kyrgyz people, for a free state are clear evidence.

**Keywords:** state, Kyrgyz, independence, autonomy, sovereignty, ancestors.

Биз билгендей, 2024-жылдын 26-июль айында Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун түзүлгөндүгүнүн 100 жылдыгына арналган юбилейлик иш чараларды өткөрүү алкагында кыргыз мамлекетин түптөгөн көрүнүктүү инсандардын синирген эмгегин жана ролун таанытуу максатында улуттук лидерлер - Абдыкерим Сыдыковго, Иманалы Айдарбековго, Жусуп Абрахмановка, Абдыкадыр Орозбековго, Ишеналы Арабаевка «Кыргыз мамлекеттүүлүгүн түптөгөн аталар» деген наамды ыйгарган президентибиз Садыр Жапаровдун жарлыгы чыккан. Андыктан, элибиздин тарыхый тагдырына сарасеп салсак, өткөн кылымдарда көптөгөн сындоолордон өтүп, саясий аренага чыккан бабаларыбыз канчалаган кылымдар бою кыргыздын эркиндиги колуна алып, көз карансыздыгы үчүн жандарын аябай бирде жеңип, бирде жеңилип өз мамлекетин жандандырып Борбордук Азиядагы үстөмдүк үчүн күрөштө активдүү катышып, элибиз басып өткөн тарыхтын татаaал жолунда бир нече жолу өз мамлекетин түзүшкөндүгүн карт тарых далилдеп келет. Кыргыз мамлекетинин башаты Хун державасынын курамында (б.з.ч. III-б.з II кылымдарында) болгонун кытай булактарында эчак эле далилденип, Энесай Кыргыз каганаты жана Улуу Кыргыз Дөөлөтү (VI-IX к.к) жөнүндө дүйнөгө аттары белгилүү окумуштуулардын ( В.В. Бартольд, Н.А. Аристов, Ф. Н. Бернштам, Н. Бичурин ж.б. илимий тыянактары ырастап турат. Элибиздин илгертен бери "Манас" эпосу аркылуу көз карандысыз мамлекеттик идеяны бийик көтөрүп муундан-муунга мурас катары өткөрүп, анан калса Барсбек, Мухаммед Кыргыз, Эренек, Кубат бий, Тагай бий өз алдынча малекет түзүү, көз карансыздык үчүн күрөшүп келгенин кантип тан албай койо алабыз [1].

Өз алдынчалык жетүү аракеттери ошол мезгилдердеги бабаларыбыздын эгемендик үчүн күрөшүнүн татаал, даңазалуу жолун айгинелеп, андагы мамлекеттүүлүк идеясынын негизин түзгөн. Биз "Мамлекет" түшүнүгүн,

маанисин батыш мамлекеттеринин мисалында Маркстык көз караштан арыла албай келе жатканбыз өкүнүчтүү. Чыгыштын көчмөн элдеринин саясий түзүлүшүнө туура келеби, келбейби бул талаш маселе. Ошондуктан, көчмөн элдерин менталитетине, турмуш тиричилигине, жашоо шартына ылайык саясий түзүлүшүн эске алуу менен сөз кылсак туура болмок.

СССРдин түзүлүшү (1922-ж.) расмий түрдө жарыяланып, бир катар улуттар мамлекетке ээ болгондо бир нече этностордун арасында кыргыз улуту өз мамлекеттүүлүгүнө ээ болбой калган. Ошондуктан, Иманалы Айдарбеков, Абдыкерим Сыдыков, Ишеналы Арабаев, Жусуп Абдырахманов сыяктуу кыргыздын чыгаан айдындары "Тоолуу Кыргыз" облусун түзүү демилгесин курултайда чечкиндүү көтөрүшкөн. Бирок, бул сунушка каршы чыккан Кудайкулов жетектеген топтун арызынан улам, И.В. Сталиндин түздөн түз буйругунун негизинде курултай токтотулуп, демилгечилерге курулай жалаа жабылган экен. Ошондой болсо да, Тоолуу Кыргыз облусун түзүү аракетинин таарыхый мааниси чоң экендиги көрүнүүдө. Кыргыздын саясий элитасы Орусиянын курамында болсо да, автономдук мамлекетти түзүүнүн алгачкы кадамдарын жасоого үлгүрүшүп, келечектеги мамлекет үчүн күрөшкө жол ачкан десек жаңылышпайбыз.

Тарыхта белгилүү болгондой канчалаган улуттар өз мамлекетине ээ боло албай башка мамлекеттин курамына кирип жок болуп кеткен. 1920-жылдары Кыргызстандын түндүгүн Казакстанга, түштүгүн Өзбекстанга кошобуз деп далаалат кылгандарга биздин айдыңдарыбыз Ишеналы Арабаев, Жусуп Абдырахманов ж.б. каармандарча каршы турушкан. Алар миллион калкы бар кыргыз элинин өзгөчөлүктөрүн жана эң байыр кы элдерден экенин эске алуусун сурануу менен улут катары таанууну далилдешкен. Андыктан, алар Кыргызстандын мамлекеттике ээ болушун талап кылып, Борбордук аткаруу жана партиялык органдарга тынбай кайрылып турушкандыгын тарыхий баракчаларда көрүүгө болот. Түркестан АССРнин Советинин 1924-жылдын башында өткөн экинчи съездине барган кыргыз делегаттары совет өкмөтүнөн Кыргызстанды өзүнчө автономиялык бирдик катары түзүүнү сураныщып, бул маселени оңунан чечилишине, Совет доорунда автономиялык болсо да Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн түптөлүшүнө жетишкен. 1924-жылы 14-октябрда РСФСРдин Бүткүл Россиялык Борбордук Аткаруу комитети Кара-Кыргыз Автономиялуу облусун түзүү жөнүндө токтом кабыл алып, Автономиялык облус алкагында кыргыз калкы укуктук жана саясий жактан өз алдынча малекет курууга мүмкүнчүлүк алган.

Белгилей кетчүү нерсе, казактардын алгачкы советтик автономиясы РСФСРдин курамындагы аталышы "Кыргыз АССР" деп түзүлүп калгандыктан, аларды айырмалоо үчүн "Кара-Кыргыз" этнонимине токтолушкан. Кара – Кыргыз автономиялуу облусунун мамлекеттик башкаруу органы Революциалык Комитет деп аталып, анын төрагасы катары Иманалы Айдарбеков шайланган. Ал эми, облустун борбору убактылуу Ташкентте жайгашып, кийин Пишпекке которулган. Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун түзүлүшү Кыргыз элинин экономикалык жактан биригүүсүнө шарт түзүп, соцалдык маданий жактан кайра курууга, элди бириктирүү жараяндарын тездеткен экен.

Кара-Кыргыз автономиялуу облусуна Каракол, Нарын, Бишкек уездери, Ош уезди, Андижан уездинен 10 болуштук, Наманган уездинен 10 болуштук, Кокон уездинен 2 болуштук, Алма-Ата уездинен 14 болуштук кирип, калкы 828,3 миң адамды түзгөн [3]. Ошентип, монгол чабуулунда жок болуп кеткен кыргыз элинин мамлекетүүлүгү бир нече кылымдан кийин калыбына келтирилип, элибиздин тарыхында өзгөчө маанилүү окуя болуп келечектеги өлкөнүн өнүгүүсүнө өбөлгө түзгөн. Кыргыз мамлекетинин жаңы доордогу, форматтагы калыбына келиши десек да болот.

Бабаларыбыздын мамлекетүүлүк үчүн күрөшү ырааттуу, тынымсыз жүргүзүлгөнү байкалат. Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун уюштуруу съездинде эле (1925-ж. мартта) ага катышкан делегаттар союздук өкмөткө Кара-Кыргыз автономиялуу облусун Кыргыз автономиялуу облусу деп кайра кароо сунушу менен кайрылышкан. Бүткүл Россиялык Борбордук Аткаруу Комитетинин 1925-ж. майдагы чечими менен облус Кыргыз автономиялуу облусу болуп калган [2]. Ошол эле чыгаандардын демилгелүү сунушу

менен Бүткүл Россиялык Борбордук Аткаруу Комитети 1926-жылдын 1-февралында Кыргыз облусунун территориясынын кеңдигин, чет мамлекеттер менен чектешкенин, экономикасынын, маданиятынын жана тилинин өзгөчөлүгүн эске алып Кыргыз Автономия облусун Кыргыз Автономиялуу Советтик Социалистик Республикага айлантуу жөнүндө чечим кабыл алынган. Ошентип, Кыргызстан РСФСРдин курамында өзүнүн мамлекетүүлүгүнүн жаңы этабын баштаган. Бул окуя 1927-жылы 7-12- мартта өткөн Кыргыз АССРнин Советтеринин биринчи съездинде мыйзамдаштырылып, декларация кабыл алынып, кыргыз элинин өз тагдырын өзү чечүү укугу аныкталып, өлкөдө жашаган элдердин өз ара ынтымакташтыгынын негизги принциптери жарыяланган [6]. Ошол кезде өкмөт башчылыгына Абдыкадыр Орозбеков шайланып, Жусуп Абдрахманов эл комиссарлар советинин төрагасы болуп дайындалган. 1929-ж. 25-30- апрелде Кыргыз АССРнин Советтеринин 2-съезди кеңири талкуудан кийин Кыргыз АССРнин Конституциясы кабыл алынып, анда республиканын мамлекеттик жана коомдук түзүлүшү бекитилген [4].

Совет бийлигинин учурундагы социалдык-экономикалык өзгөрүүлөр Конституцияла чагылдырылып турган, ошого байланыштуу 1936-жылы 5-декабрда СССРдин экинчи Конституциясы кабыл алынып, ошол күндөн тарта Кыргыз АССРи Кыргыз ССРине айланып, СССРдин курамында тең укуктуу союздук республика катары кирген. Бул Республиканын тарыхында чоң жеңиш, анткени Кыргызстан өкмөтү Кыргызстанга союздук статус берүү жөнүндө СССР өкмөтүнө буга чейин такай кайрылып келген. Бул жеңишке Кыргыз АССР БАКтын төрагасы А Орозбековдун Кыргыз АССР эл комиссарлар советинин төрагасы Ж. Абдрахмановдун, Б. Исакеевдин жана башкалардын күч аракети жана зор эмгеги жумшалган [5].

Бүгүнкү эгемендүүлүк бизге оңой-олтоң эле келе калган жок. Элибиздин келечеги үчүн ак кызмат кылып, мамлекетибиздин түптөлүшүнө, негизделишине опол тоодой салым кошуп, өз өмүрүн улутубуздун гүлдөп өсүшүнө арнаган бабаларыбыздын келечек муун үчүн ак кызмат кылып, мамлекетибиздин түптөлүшүнө, негизделишине опол тоодой салым кошуп, өз өмүрүн улутубуздун гүлдөп өсүшүнө арнаган бабаларыбыздын келечек муун үчүн кылган кызматына терең баш ийип, таазим кылып жүрүүбүз абзел. Кыргызды кыргыз кылып, мамлекеттүүлүгүн жоготпой, эл катары сактап келген улуттук идеясы – өз алдынча мамлекетүүлүк жана эркиндик, көз карандысыздык экендигине сыймыктанасын.

Ошентип, тарыхий баракчаларында айтылгандай, 1991-жылдын 31-августунда мамлекеттин көз карандысыздыгы жөнүндө Декларация кабыл алынып, Кыргыз Республикасы көз карандысыз эгемендүү демократиялык мамлекет катары салтанаттуу жарыяланды. Он экинчи чакырылыштагы Кыргыз ССР инин жогорку советинин "Легендарлуу парламент" аталган депутаттык корпустун депутаты катары, эгемендүү көз карандысыз мамлекеттин Конституциясын, символикалары болгон – желекти, гербди, гимнди, улуттук валютаны кабыл алууга катышып, эгемендүү мамлекетибиздин калыптанышына, өнүгүп өсүшүнө аз да болсо өз салымымды кошуп келе жатканыма сыймыктанамын.

**Адабияттар:**


1. Асанканов А. Кыргызстан тарыхы (байыркы замандан азыркы күнгө чейин). - Бишкек, 2009.
2. БМА КР. ф 21. оп 2д1
3. Жуманалиев А. Кыргызстандын саясий өнүгүшү. -Бишкек: Илим, 1994.
4. Койчуев А. Фергана өрөөнүндөгү улуттук-мамлекеттик ажырым (1924-1927 жж.). -Бишкек, 2001.
5. Осмонов О., Асанканов А. Кыргызстан тарыхы. -Бишкек, 2003.
6. Советтик Конституциянын тарыхы. Документтердин жыйнагы (1917-1957 жж.). -Москва: СССРдин ИА, 1958.